КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

---

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (сегизинчи чакырылышы) XII сессиясы**

**Токтом №01-5/ 67**

Сүлүктү шаары 19.03.2026ж.

**«Сүлүктү-Тазасууканал" муниципалдык ишканасы тарабынан көрсөтүлгөн ичүүчү суу менен камсыздоо кызматынын баасын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 27,34-беренелеринин, "Ичүүчү суу жөнүндө " Мыйзамынын 21 беренеси жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 19.06. 2024ж. №320 токтому менен бекитилген "Борборлоштурулган ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди аныктоо тартибин бекитүү жөнүндө Жобонун 18-беренесинин, "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Мыйзамынын 10-беренесинин негизинде Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаардык кеңешинин 2025-жылдын 27-январындагы III сессиясынын №01-5/18 токтому жана токтом менен бекитилген "Сүлүктү шаарынын тургундарынын ичүүчү таза сууга төлөмдөрүнүн тарифи жокко чыгарылсын

2. «Сүлүктү-Тазасууканал" муниципалдык ишканасы тарабынан көрсөтүлгөн ичүүчү суу менен камсыздоо кызматынын баасы №1,2 тиркемеге ылайык бекитилсин *( монополияга каршы жөнгө салуу кызматы менен макулдашылган баалардын өлчөмү тиркелет)*

3. Сүлүктү шаарынын тургундарынын ичүүчү таза сууга төлөмдөрүнүн тарифи жана суунун көчөлөргө берилүү графигин массалык маалымат каражаттарына жарыялоо жагы шаардык «Шахтер жолу» гезитинин башкы редактору М.Якубовага жана «Сүлүктү - Тазасууканал» муниципалдык ишканасынын жетекчиси О. Матазимовго жүктөлсүн

4. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга жана «Сүлүктү - Тазасууканал» муниципалдык ишканасынын жетекчиси О. Матазимовго жүктөлсүн.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин "Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү" боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн

Төрага: Б.А.Абдуназаров

«Белгиленди»
Кыргыз Республикасынын экономика жана коммерция министрлигине караштуу монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын Баткен облустук бөлүмүнүн башчысы
_______________М. Исаев
«__3__»__февраль__2026 - ж.
Буйрук №01

«Бекитемин»
Сүлүктү шаардык Кеңештин төрагасы
_______________ Б. Абдуназаров
«__19__»__03__________2026-ж.
Токтом №01-5/67
тиркеме №1

**«Сулюкта Тазасууканал» муниципалдык ишканасынын ичүүчү таза суу кызмат көрсөтүүлөрүнүн баа прейскуранты**

| № | Кызмат көрсөтүүнүн аталышы | Өлчөө бирдиги | Суммасы (сом) |
|---|---|---|---|
| 1. | Ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу | 1 $м^3$/сом | 16,21 |

«Сулюкта Тазасууканал» МИнын башчысы — О. Матазимов

Башкы эсепчи — М. Курбанов

**Бекитемин**
**Сүлүктү шаардык**
**Кеңешинин төрагасы**
**__________ Б.Абдуназаров**
**"19" ___02___ 2026ж**

Токтом №01-5/67
тиркеме 2

**"Сүлүктү-Тазасууканал" муниципалдык ишканасынын таза сууну колдонуу боюнча Прейскуранттык наркы**

| № | Кызматтын түрү жана колдонуу нормасы | Өлчөм бирдиги | Суммасы |
|---|---|---|---|
| 1 | Суу эсептегич курал менен 1 м3 үчүн таза суунун наркы элге | сом | 10,86 |
| 2 | Суу эсептегич курал менен бюджеттик мекеме ишканал үчүн 1 м3 таза суунун наркы | сом | 47,73 |
| 3 | Суу эсептегич курал менен өндүрүштүк мекеме ишканалар үчүн 1 м3 суунун наркы | сом | 63,63 |
| 4 | Суу эсептегич курал менен комерциялык жумуштарга пайдалануулар үчүн 1 м3 таза суунун наркы | сом | 63,63 |

"Сүлүктү-Тазасууканал" МИнын директору : Матазимов О.А

Башкы эсепчи : Курбанов.М